
Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ШВЕЙЦАРИЯ ЭЛЧИЛИГИ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИ
БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

ЖАРАНДЫК ЖАНА САНАРИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШ:

## ДЕПУТАТТАР КАНДАЙ ШАЙЛАНАТ ЖАНА АЛАРДЫН КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ БАР?



## Урматтуу жарандар!

КР БШКнын алдында Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары (КР БШКнын ЖББ) борбору түзүлдү, жарандардын, шайлоочулардын (референдумдун катышуучуларынын) укук маданиятын жогорулатуу, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу боюнча ишти уюштуруу жана координациялоо борбордун негизги максаты болуп саналат.




Жарандык жана санариптик билим берүү долбоорлору жөнүндө кыйла кеңири маалыматты

**WWW.SHAILOO.GOV.KG**
**WWW.JARAN.KG**

сайттарынан билсе болот.

КР БШКнын ЖББсы менен байланышуу: Тел.: +996 312 62 01 71
BILIM@SHAILOO.GOV.KG





**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу**

1992-жылы 3-мартта Кыргыз Республикасынын
Жогорку Советинин токтому менен бекитилген
Авторлору: Э.Айдарбеков, Б.Жайчыбеков,
С.Иптаров, Ж.Матаев, М.Сыдыков.




**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби**

1994-жылы 14-январда Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген
Авторлору:  А. Абдраев жана С. Дубанаев.

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШ КАНДАЙ ШАЙЛАНАТ?

**Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук функцияларын жүзөгө ашыруучу жогорку өкүлчүлүктүү орган. Жогорку Кеңеш 90 депутаттан турат жана 5 жылдык мөөнөткө шайланат.**

## 1 36 ДЕПУТАТТЫ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГДАРЫНДА ШАЙЛОО ТАРТИБИ

**36 депутат** бир мандаттуу шайлоо округдарында мажоритардык тутум боюнча шайланат.

**БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ** орточо ченеминен 20 пайыздан ашпаган четтөөгө жол берилип, шайлоочулардын санынын болжолдуу теңдиги менен түзүлөт.




**БАРДЫК ШАЙЛООЧУЛАР – 3 617 141**
**БАРДЫК ОКРУГДАР - 36**
**1 ОКРУГ = 102 МИҢ ШАЙЛООЧУ (+/-20%)**

Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү укугу **саясий партияларга** жана **өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга** таандык.

Саясий партиялар **бир мандаттуу шайлоо округу боюнча бирден ашык эмес талапкерди көрсөтүүгө укуктуу.**

**Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде талапкерди депутаттыкка көрсөтүү талапкердин өзүнүн ушул шайлоо округу боюнча талапкерлигин көрсөтүү ниети жөнүндө арызын** КР БШКга берүү жолу менен жүргүзүлөт.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган депутат деп ушул шайлоо округу боюнча башка талапкерлерге салыштырганда шайлоочулардын кыйла көп сандагы добушун (**добуштардын жөнөкөй көпчүлүгүн**) алган талапкер таанылат.




Талапкерлердин алган добуштары **тең чыккан учурда, каттоо үчүн документтердин толук топтомун датасы жана убактысы боюнча мурдараак берген талапкер** бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган **болуп эсептелет**.

## 2 54 ДЕПУТАТТЫ БИРДИКТҮҮ ОКРУГДА ШАЙЛОО ТАРТИБИ

**54 депутат** бирдиктүү шайлоо округунда пропорционалдык тутум боюнча (ачык тизмелер боюнча) шайланат.

**БИРДИКТҮҮ ШАЙЛОО ОКРУГУ** өзүнө Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагын камтыйт.




Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү укугу **саясий партияларга** таандык.

Саясий партия **54 талапкерден ашпаган сандагы** талапкерлер тизмесин көрсөтөт.


Мында партия төмөнкү квоталарды сактоого тийиш:




Шайлоочулар партия үчүн жана бул партиянын тизмесиндеги конкреттүү бир талапкер үчүн добуш берет.


Жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын **5 пайыздан** кем эмесин жана ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын **0,5 пайыздан** кем эмесин алган партиялар депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө катыштырылат.




Мында мандаттардын 30 пайызынан кем эмеси аялдарга, калган мандаттар шайлоочулардын кыйла көп сандагы добушун алган талапкерлердин арасында бөлүштүрүлөт.





**БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИНИН ҮЛГҮСҮ**

**Шайлоо бюллетенин толтуруу тартиби:**


Тандаган талапкердин оң жагындагы ☑ бош чарчыга же "Баарына каршы" бош чарчыга тиешелүү белги коюңуз. Белгилердин саны шайлоо округундагы мандаттардын санынан ашык болгон же бош чарчылардын бирине дагы белги коюлбаган шайлоо бюллетени жараксыз деп эсептелинет:

1. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
2. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
3. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
4. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
5. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☑
6. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
7. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
8. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
9. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
10. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
11. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
12. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
13. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
14. Фамилиясы Аты Атасынын аты ☐
15. Баарына каршы ☐

ҮЛГҮ

Бюллетенди сүрөткө жана видеого тартууга жана участоктон алып чыгууга тыюу салынат!

Төрага ______________ М.О. Катчы ______________



**БИРДИКТҮҮ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИНИН ҮЛГҮСҮ**

**Шайлоо бюллетенин толтуруу тартиби:**

Шайлоо бюллетенинин биринчи бөлүгүндө тандаган саясий партиянын оң жагындагы бош чарчыга тиешелүү белгини же "Баарына каршы" позициясына белги коюңуз. Биринчи бөлүгүндө бирден ашык белги коюлган же белги такыр коюлбаган шайлоо бюллетени жараксыз деп эсептелинет.

Шайлоо бюллетенинин экинчи бөлүгүндө тандаган саясий партиянын тизмесиндеги талапкердин

1. Саясий партия ☐
2. Саясий партия ☐
3. Саясий партия ☐
4. Саясий партия ☐
5. Саясий партия ☑
6. Саясий партия ☐
7. Саясий партия ☐
8. Саясий партия ☐
9. Саясий партия ☐
10. Баарына каршы ☐

ҮЛГҮ

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 ☐ | 2 ☐ | 3 ☐ | 4 ☐ | 5 ☐ | 6 ☐ | 7 ☐ | 8 ☐ | 9 ☐ |
| 10 ☐ | 11 ☐ | 12 ☐ | 13 ☐ | 14 ☐ | 15 ☑ | 16 ☐ | 17 ☐ | 18 ☐ |
| 19 ☐ | 20 ☐ | 21 ☐ | 22 ☐ | 23 ☐ | 24 ☐ | 25 ☐ | 26 ☐ | 27 ☐ |
| 28 ☐ | 29 ☐ | 30 ☐ | 31 ☐ | 32 ☐ | 33 ☐ | 34 ☐ | 35 ☐ | 36 ☐ |
| 37 ☐ | 38 ☐ | 39 ☐ | 40 ☐ | 41 ☐ | 42 ☐ | 43 ☐ | 44 ☐ | 45 ☐ |
| 46 ☐ | 47 ☐ | 48 ☐ | 49 ☐ | 50 ☐ | 51 ☐ | 52 ☐ | 53 ☐ | 54 ☐ |

Бюллетенди сүрөткө жана видеого тартууга жана участоктон алып чыгууга тыюу салынат!

Төрага ______________ М.О. Катчы ______________

## ❶ БИР МАНДАТТУУ ОКРУГ БОЮНЧА ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИН ТОЛТУРУУ ТАРТИБИ

**Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча** Сиз **тандаган бир талапкер** үчүн ☑ добуш бересиз же "Баарына каршы" позициясына белги коёсуз.

## ❷ БИРДИКТҮҮ ОКРУГ БОЮНЧА ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИН ТОЛТУРУУ ТАРТИБИ

**Бирдиктүү шайлоо округу боюнча** Сиз **партия** үчүн ☑ жана партиянын тизмесиндеги **конкреттүү бир талапкер** үчүн ☑ добуш бересиз же "Баарына каршы" позициясына белги коёсуз.

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ!**

Эгерде бюллетенде партия үчүн белги коюлса, бирок талапкер үчүн белги коюлбаса, анда мындай бюллетень жарактуу деп эсептелет жана добуш партиянын пайдасына кошулуп эсептелинет.

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН НЕГИЗГИ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ КАЙСЫЛАР?

Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын **мыйзам чыгаруу бийлигин** жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде **контролдук функцияларын** жүзөгө ашыруучу **жогорку өкүлчүлүктүү орган**.
**Жогорку Кеңеш 90 депутаттан** турат жана **5 жылдык** мөөнөткө шайланат.

## Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесине ылайык ЖОГОРКУ КЕҢЕШ:

- **Конституцияда белгиленген тартипте Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет;**
- **мыйзамдарды кабыл алат;**
- **мыйзамдарга расмий чечмелөө берет;**
- **мыйзамда аныкталган тартипте эл аралык келишимдерди ратификациялайт жана денонсациялайт;**
- **республикалык бюджетти бекитет.**

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын өзгөртүү тууралуу **маселелерди чечет**;
- Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн **маселелерин карайт**;
- конституциялык мыйзамда каралган тартипте жана учурларда **өзгөчө абалды киргизет**; бул маселе боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат;
- согуш жана тынчтык, согуш абалын киргизүү, согуштук абалды жарыялоо **маселелерин чечет**, бул маселелер боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат;
- тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо боюнча мамлекеттер аралык келишимдик милдеттенмелерди аткаруу зарыл болгондо Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн анын чектеринен тышкары жерлерде пайдалануунун мүмкүнчүлүгү жөнүндө **маселени чечет**.

- Президентти шайлоону **дайындайт;**
- Конституцияда каралган тартипте Президентке референдум өткөрүү жөнүндө сунуш **киргизет.**

- Министрлер Кабинетинин Төрагасын, анын орун басарларын жана Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүн дайындоого **макулдук берет;**
- Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин сунушунун негизинде Президенттин сунуштамасы боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмес добушу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларын **шайлайт**; Конституцияда, конституциялык мыйзамда каралган учурларда Президенттин сунуштамасы менен аларды кызмат ордунан **бошотот**;
- Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын арасынан төрагаларын 5 жылдык мөөнөткө дайындоо үчүн Президент тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлерге Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмес добушу менен **макулдук берет**;
- конституциялык мыйзамда каралган учурларда, Судьялар кеңешинин сунушунун негизинде, Президенттин сунуштамасы боюнча Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларын кызмат ордунан бошотууга **макулдук берет;**
- конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин **курамын бекитет;**
- Президенттин сунуштамасы боюнча Улуттук банктын төрагасын **шайлайт**; мыйзамда каралган учурларда аны кызмат ордунан бошотот;
- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүн жарымын Президенттин сунуштамасы боюнча, ал эми жарымын өзүнүн демилгеси менен **шайлайт** жана мыйзамда каралган учурларда аларды кызмат ордунан бошотот;
- Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бирин Президенттин сунуштамасы, үчтөн экисин өзүнүн демилгеси менен **шайлайт**; мыйзамда каралган учурларда аларды кызмат ордунан бошотот;
- Акыйкатчыны (Омбудсменди) **шайлайт** жана мыйзамда каралган учурларда кызмат ордунан бошотот; аны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет;
- Акыйкатчынын (Омбудсмендин) сунуштамасы боюнча Акыйкатчынын (Омбудсмендин) орун басарларын шайлайт жана мыйзамда каралган учурларда кызмат ордунан бошотот; аларды жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет;;
- Президенттин сунуштамасы боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан кем эмес добушу менен Башкы прокурорду дайындоого, бошотууга жана жазык жоопкерчилигине тартууга **макулдук берет**;
- мыйзамда каралган учурларда Башкы прокурорду кызмат ордунан бошотуу тууралуу Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгесин Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин көпчүлүк добушу менен **жактырат**.
- Конституцияда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды **жүзөгө ашырат**.

**угат:**
- республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Министрлер Кабинетинин ар жылдык отчётун;
- Президенттин ар жылдык кайрылууларын, маалыматтарын жана чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн сүйлөгөн сөздөрүн;
- Акыйкатчынын (Омбудсмендин) жана Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын төрагасынын ар жылдык баяндамасын;
- Башкы прокурордун, Улуттук банктын, Эсептөө палатасынын төрагаларынын ар жылдык отчётторун.



Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
ПОСОЛЬСТВО ШВЕЙЦАРИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

МИНИСТЕРСТВО КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ, СПОРТА И МОЛОДЕЖНОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ПРОГРАММА РАЗВИТИЯ ОРГАНИЗАЦИИ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ

## Уважаемые граждане!

При ЦИК КР образован Центр гражданского образования и избирательных технологий, основной целью которого является организация и координация работы по повышению правовой культуры граждан, избирателей (участников референдума), обучению членов избирательных комиссий и других участников избирательного процесса.




Более подробную информацию о проектах гражданского и цифрового образования можно узнать на сайтах:


**WWW.SHAILOO.GOV.KG**
**WWW.JARAN.KG**

Контактные данные ЦГО ЦИК КР: Тел.: +996 312 62 01 71
BILIM@SHAILOO.GOV.KG

ЦЕНТР ГРАЖДАНСКОГО И ЦИФРОВОГО ОБРАЗОВАНИЯ

# ЖОГОРКУ КЕНЕШ:
## КАК ИЗБИРАЮТСЯ ДЕПУТАТЫ И КАКОВЫ ИХ ПОЛНОМОЧИЯ?










**Государственный флаг Кыргызской Республики**
утвержден 3 марта 1992 года постановлением
Верховного Совета Республики Кыргызстан.
Авторы: Э. Айдарбеков, Б. Жайчыбеков,
С. Иптаров, Ж. Матаев, М. Сыдыков.

**Государственный герб Кыргызской Республики**
утвержден постановлением Жогорку Кенеша
Кыргызской Республики от 14 января 1994 года.
Авторы: А. Абдраев и С. Дубанаев.

# КАК ИЗБИРАЕТСЯ ЖОГОРКУ КЕНЕШ?

**Жогорку Кенеш - высший представительный орган Кыргызской Республики, осуществляющий законодательную власть и контрольные функции.**

**Жогорку Кенеш состоит из 90 депутатов и избирается сроком на 5 лет.**

## 1 ПОРЯДОК ИЗБРАНИЯ 36 ДЕПУТАТОВ В ОДНОМАНДАТНЫХ ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ ОКРУГАХ

**36 депутатов** избираются по мажоритарной системе в одномандатных избирательных округах.

**ОДНОМАНДАТНЫЙ ИЗБИРАТЕЛЬНЫЙ ОКРУГ** образуется с примерным равенством числа избирателей с допустимым отклонением от средней нормы не более чем на 20%.




ВСЕГО ИЗБИРАТЕЛЕЙ - 3 617 141
ВСЕГО - 36 ОКРУГОВ
1 ОКРУГ = 102 ТЫСЯЧИ ИЗБИРАТЕЛЕЙ (+/-20%)

Право выдвижения кандидатов в депутаты Жогорку Кенеша принадлежит **политическим партиям** и **гражданам путем самовыдвижения**.

Политические партии **вправе выдвинуть не более одного кандидата по одномандатному избирательному округу.**

Выдвижение кандидата **в порядке самовыдвижения** производится путем подачи кандидатом в ЦИК КР **заявления о намерении баллотироваться кандидатом по данному избирательному округу.**

Избранным депутатом по одномандатному избирательному округу признается кандидат, получивший наибольшее число голосов избирателей **(простое большинство голосов)** по сравнению с другими кандидатами по данному округу.




**При равном числе** полученных кандидатами голосов избранным по одномандатному избирательному округу **считается кандидат, предоставивший раньше по дате и времени полный пакет документов для регистрации**

## 2 ПОРЯДОК ИЗБРАНИЯ 54 ДЕПУТАТОВ ПО ЕДИНОМУ ОКРУГУ

**54 депутата** избираются по пропорциональной системе (по открытым спискам) по единому избирательному округу.

**ЕДИНЫЙ ИЗБИРАТЕЛЬНЫЙ ОКРУГ** включает в себя всю территорию Кыргызской Республики.





Право выдвижения кандидатов в депутаты Жогорку Кенеша принадлежит **политическим партиям.**

Политическая партия выдвигает список кандидатов в количестве, **не превышающем 54 кандидата.**


При этом партия должна соблюсти следующие квоты.





Избиратели голосуют за партию и конкретно за кандидата в списке этой партии.
К распределению депутатских мандатов допускаются политические партии, получившие не менее **5%** голосов избирателей, принявших участие в голосовании, в целом по республике, и не менее **0,5%** голосов избирателей, принявших участие в голосовании по каждой области, городам Бишкек и Ош.




При этом не менее 30% мандатов распределяются женщинам, оставшиеся мандаты распределяются между кандидатами, за которых отдано наибольшее количество голосов избирателей.





**ОБРАЗЕЦ ИЗБИРАТЕЛЬНОГО БЮЛЛЕТЕНЯ ПО ОДНОМАНДАНТНОМУ ИЗБИРАТЕЛЬНОМУ ОКРУГУ**

**Порядок заполнения избирательного бюллетеня:**


Поставьте соответствующую отметку ☑ в квадрате, справа от выбранного кандидата или в позицию "Против всех кандидатов". Избирательный бюллетень, в котором количество отметок превышает количество мандатов в избирательном округе или не поставлена ни в одном из квадратов, считается недействительным:

1. Фамилия Имя Отчество ☐
2. Фамилия Имя Отчество ☐
3. Фамилия Имя Отчество ☐
4. Фамилия Имя Отчество ☐
5. Фамилия Имя Отчество ☑
6. Фамилия Имя Отчество ☐
7. Фамилия Имя Отчество ☐
8. Фамилия Имя Отчество ☐
9. Фамилия Имя Отчество ☐
10. Фамилия Имя Отчество ☐
11. Фамилия Имя Отчество ☐
12. Фамилия Имя Отчество ☐
13. Фамилия Имя Отчество ☐
14. Фамилия Имя Отчество ☐
15. Против всех ☐

ОБРАЗЕЦ

Бюллетень запрещается фотографировать, снимать на видео и выносить из помещения для голосования!

Председатель ______________ М.О. Секретарь ______________



**ОБРАЗЕЦ ИЗБИРАТЕЛЬНОГО БЮЛЛЕТЕНЯ ПО ЕДИНОМУ ИЗБИРАТЕЛЬНОМУ ОКРУГУ**

**Порядок заполнения избирательного бюллетеня:**

В первой части избирательного бюллетеня поставьте соответствующую отметку ☑ в пустом квадрате, справа от выбранной политической партии или позиции «Против всех». Избирательный бюллетень, в первой части которого количество отметок превышает одну отметку или не поставлена ни в одном из квадратов, считается недействительным.

Во второй части избирательного бюллетеня поставьте соответствующую отметку ☑ в пустом квадрате с номером кандидата из списка кандидатов выбранной политической партии. Избирательный бюллетень, во второй части которого количество отметок за кандидата из списка кандидатов превышает одну отметку считается недействительным. Отметка, поставленная вне квадрата, не считается

1. Политическая Партия ☐
2. Политическая Партия ☐
3. Политическая Партия ☐
4. Политическая Партия ☐
5. Политическая Партия ☑
6. Политическая Партия ☐
7. Политическая Партия ☐
8. Политическая Партия ☐
9. Политическая Партия ☐
10. Против всех ☐

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 ☐ | 2 ☐ | 3 ☐ | 4 ☐ | 5 ☐ | 6 ☐ | 7 ☐ | 8 ☐ | 9 ☐ |
| 10 ☐ | 11 ☐ | 12 ☐ | 13 ☐ | 14 ☐ | 15 ☑ | 16 ☐ | 17 ☐ | 18 ☐ |
| 19 ☐ | 20 ☐ | 21 ☐ | 22 ☐ | 23 ☐ | 24 ☐ | 25 ☐ | 26 ☐ | 27 ☐ |
| 28 ☐ | 29 ☐ | 30 ☐ | 31 ☐ | 32 ☐ | 33 ☐ | 34 ☐ | 35 ☐ | 36 ☐ |
| 37 ☐ | 38 ☐ | 39 ☐ | 40 ☐ | 41 ☐ | 42 ☐ | 43 ☐ | 44 ☐ | 45 ☐ |
| 46 ☐ | 47 ☐ | 48 ☐ | 49 ☐ | 50 ☐ | 51 ☐ | 52 ☐ | 53 ☐ | 54 ☐ |

ОБРАЗЕЦ

Бюллетень запрещается фотографировать, снимать на видео и выносить из помещения для голосования!

Председатель ______________ М.О. Секретарь ______________

## 1 ПОРЯДОК ЗАПОЛНЕНИЯ ИЗБИРАТЕЛЬНОГО БЮЛЛЕТЕНЯ ПО ОДНОМАНДАТНОМУ ОКРУГУ

**По одномандатному округу** Вы голосуете **за выбранного Вами кандидата** ☑ или ставите отметку в позиции «Против всех».

## 2 ПОРЯДОК ЗАПОЛНЕНИЯ ИЗБИРАТЕЛЬНОГО БЮЛЛЕТЕНЯ ПО ЕДИНОМУ ОКРУГУ

**По единому округу** Вы голосуете за **партию** ☑ и **за конкретного кандидата** ☑ из списка этой партии или ставите отметку в позиции «Против всех».

**ВНИМАНИЕ!**

Если в бюллетене поставлена отметка за партию, но не поставлена отметка за кандидата, то такой бюллетень также считается действительным и голос засчитывается за партию.

# КАКОВЫ ОСНОВНЫЕ ПОЛНОМОЧИЯ ЖОГОРКУ КЕНЕША?

Жогорку Кенеш **- высший представительный орган** Кыргызской Республики, осуществляющий **законодательную власть** и **контрольные функции.**
**Жогорку Кенеш** состоит из **90 депутатов** и избирается сроком **на 5 лет.**

## ЖОГОРКУ КЕНЕШ согласно статье 80 Конституции Кыргызской Республики:

- **вносит изменения и дополнения в Конституцию в порядке, установленном Конституцией;**
- **принимает законы;**
- **дает официальное толкование законов;**
- **ратифицирует и денонсирует международные договоры в порядке, определяемом законом;**
- **утверждает республиканский бюджет.**

- **решает вопросы** об изменении государственных границ Кыргызской Республики;
- **рассматривает вопросы** административно-территориального устройства Кыргызской Республики;
- **вводит чрезвычайное положение** в порядке и случаях, предусмотренных конституционным законом; утверждает или отменяет указы Президента по этому вопросу;
- **решает вопросы войны и мира**, введения военного положения, объявления состояния войны; утверждает или отменяет указы Президента по этим вопросам;
- **решает вопрос** о возможности использования Вооруженных Сил Кыргызской Республики за ее пределами при необходимости выполнения межгосударственных договорных обязательств по поддержанию мира и безопасности.

- **назначает** выборы Президента;
- **вносит** Президенту предложения о проведении референдума в порядке, предусмотренном Конституцией.

- **дает согласие** на назначение Председателя Кабинета Министров, его заместителей и членов Кабинета Министров;
- на основании предложения Совета по делам правосудия по представлению Президента не менее половиной голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша **избирает** судей Верховного суда и Конституционного суда; в случаях, предусмотренных Конституцией и конституционным законом, **освобождает** их от должности по представлению Президента;
- не менее половиной голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша **дает согласие** представленным Президентом кандидатам на назначение председателей Конституционного суда и Верховного суда из числа их судей сроком на 5 лет;
- **дает согласие** на освобождение от должности председателей Конституционного суда и Верховного суда по представлению Президента на основании предложения Совета судей в случаях, предусмотренных конституционным законом;
- **утверждает** состав Совета по делам правосудия в порядке, предусмотренном конституционным законом;
- **избирает** по представлению Президента председателя Национального банка; освобождает его от должности в случаях, предусмотренных законом;
- **избирает** членов Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов: одну половину - по представлению Президента, другую половину - по собственной инициативе и освобождает их в случаях, предусмотренных законом;
- **избирает** членов Счетной палаты: одну треть состава - по представлению Президента, две трети - по собственной инициативе; освобождает их от должности в случаях, предусмотренных законом;
- **избирает**, в случаях, предусмотренных законом, освобождает от должности Акыйкатчы (Омбудсмена); дает согласие на привлечение его к уголовной ответственности;
- **избирает**, в случаях, предусмотренных законом, освобождает от должности по представлению Акыйкатчы (Омбудсмена) его заместителей, дает согласие на привлечение их к уголовной ответственности;
- по представлению Президента **дает согласие** на назначение, освобождение и привлечение к уголовной ответственности Генерального прокурора не менее чем половиной голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша;
- **одобряет** большинством не менее двух третей голосов от общего числа депутатов Жогорку Кенеша инициативу одной трети от общего числа депутатов Жогорку Кенеша об освобождении от должности Генерального прокурора в случаях, предусмотренных законом;
- **осуществляет** иные полномочия, предусмотренные Конституцией и законами Кыргызской Республики.

**заслушивает:**
- отчет Кабинета Министров об исполнении республиканского бюджета;
- ежегодные послания, информацию Президента и выступления представителей иностранных государств, международных организаций;
- ежегодные доклады Акыйкатчы (Омбудсмена) и председателя Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов;
- ежегодные отчеты Генерального прокурора, председателей Национального банка, Счетной палаты.

